**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**« 13 »-февраль 2025-жыл**

**X чакырылыш**
**кезектеги V сессия**

**ТОКТОМ № 12 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Жалал-Абад шаарынын мэриясынын алдындагы аялдар кеңешинин Жобосу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын 60-беренесин негиз кылып, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 11.02.2025-жылдагы чыг.№01-18/698 сандуу каты, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин социалдык-укуктук маселелер, мыйзамдуулук, депутаттык этика, ишмердүүлүк, партиялар, коомдук уюмдар жана жаштар иштери, туризм, спорт боюнча туруктуу комиссиясынын 11.02.2025-жылдагы отурумунда каралып, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги V сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин 30.09.2019-жылдагы кезексиз XVII сессиясынын №6 токтомунун №1-тиркемеси менен бекитилген Жалал-Абад шаарынын мэриясынын алдындагы аялдар коомдук-консультативдик кеңеши жөнүндө Жобосу жокко чыгарылсын.
2. Жалал-Абад шаарынын мэриясынын алдындагы аялдар кеңеши жөнүндө Жобосу №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жалал-Абад шаарынын соцалдык маселелер боюнча орун басары (Г.Таштанбекова) өз ишмердүүлүгүндө ушул Жобонун ченемдеринин негизинде иш жүргүзүү жагы милдеттендирилсин.
4. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (О.Эшенкулов) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин социалдык-укуктук маселелер, мыйзамдуулук, депутаттык этика, ишмердүүлүк, партиялар, коомдук уюмдар жана жаштар иштери, туризм, спорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
6. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **О.Т.Турдубеков**